| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясынын**

**№ 37 ТОКТОМУ**

28 03. 2025-жыл — Арал айылы

**Атай айыл аймагына “Беккари чуңкурчасын” жана “Раскол” куруу жөнүндө**

Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жаныбаевдин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрында бекитилген “Эпизоотиялык бейпилдикти жана ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылуу жөнүндө” №517 токтомду аткарууга алуу үчүн Атай айыл аймагына “Беккари чуңкурчасын” жана “Раскол” куруу боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Атай айыл аймагынын Арал айылындагы “Чайка” участогунун №1353 контурундагы таштанды таштоочу жайга бөлүнгөн 0,50 га жер аянтынан “Беккари чуңкурчасын” курууга 0,30 га жер аянты бөлүнүп берилип, мамлекеттик АКТсы алынсын.

2. Арал айылындагы эски кампанын жанына “Раскол” курулсун. Раскол курууга тиешелүү документтерин бүткөрүү жагы жер адис П.Наймановага милдеттендирилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жаныбаевке милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** — **С. Өскөнбай уулу**